ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2022-жылдын 2-декабрындагы №3 жыйынынын**

## ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ

**Күн тартиби:**

**Угулду:** ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору, доцент Ж.А. Артыкова «Ош мамлекеттик университетинде 2021-2022-окуу жылынын тарбиялык иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына милдеттер» жөнүндөгү маселе менен тааныштырып, Окумуштуулар кеңеши төмөндөгүдөй **чечим кылат:**

1. Ош мамлекеттик университетинде 2021-2022-окуу жылында жүргүзүлгөн тарбиялык иштери канааттандырарлык деп эсептелсин.
2. Студенттердин көркөм чыгармачылыгын, жалпы илимий, инструменталдык, социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталган ийримдерди, клубдарды уюштуруу иштери күчөтүлсүн, алардын ишмердигин жүргүзүүдө жетекчиликке алынуучу жоболорду иштеп чыгуу факультеттердин декандарына жана колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин.
3. Студенттерде сергек жашоо образын калыптандырууга, күн сайын дене тарбиясын өнүктүрүүгө шарт түзгөн салттуу иш-чараларды уюштуруу факультеттердин декандарына жана колледждердин директорлоруна, университеттин спорт клубунун жетекчисине милдеттендирилсин.
4. Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттердин сабактан тышкары өнүгүүсүн жана спорт менен машыгуусун шарттаган иш чараларды уюштуруу күчөтүү факультеттердин декандарына жана колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин.
5. Студенттик коомчулук менен иштөө «Жашыл университетти» өнүктүрүү, экологиялык тарбия берүү аспектисинде жүргүзүү факультеттердин декандарына жана колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин.
6. ОшМУнун сайтынын окумдуулугун жогорулатууга жана социалдык баракчаларындагы катталуучулардын санын көбөйтүүгө өбөлгө түзүүчү иш чаралар студенттик уюмдар менен биргеликте уюштуруу маркетинг, коммуникация жана коомчулук менен байланыш маалыматтык бөлүмүнүн башчысы М.Ниязалиевге, студенттик уюмдардын жетекчилерине милдеттендирилсин.
7. Студенттердин санариптик платформаларды колдонуусунун натыйжалуулугуна жана динамикасына мониторинг жүргүзүү декандардан, директорлордон мониторингдин жыйынтыгы боюнча отчет жана платформаларды өнүктүрүү сунуштары берилсин.
8. 2022-жылы университетке кабыл алынган 1-курстун студенттерине автоматтык түрдө берилген корпоративдик почталардын колдонулушун жана үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылуучу иш аракеттерди уюштуруу жана жүргүзүү

факультеттердин декандарына жана колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин.
9. Студенттердин академиялык мобилдүүлүк программаларына катышуу потенциалын жогорулатуу иштери факультеттердеги жана колледждердеги студенттик уюмдар менен иштөөнүн багыты катары өнүктүрүү (чет тилдерин үйрөнүүгө мотивациялоо, чет өлкөгө чыгуунун жана чет өлкөдө жүрүүнүн укуктук ченемдери боюнча маалымдоо, башка маданиятка карата адекваттуу мамиле жасоого үндөө, көп маданияттуу чөйрөгө адаптациялоо ж.б.у.с.) факультеттердин декандарына жана колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин.
10. Университетке чет өлкөлүк студенттерди тартуу максатында маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдонуу менен чет өлкөлүк абитуриенттер үчүн иш-чаралар, конкурстар студенттик уюмдар аркылуу уюштурулуусу кабыл алуу комиссиясы, факультеттердин декандарына жана колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин.
11. Студенттердин илимий китепкананын электрондук ресурстарын, санариптик платформаларын колдонгондугуна анализ жасоо, колдонуу динамикасын күчөтүү, китепкананын электрондук ресурстары, санариптик платформаларын колдонуунун артыкчылыктары жөнүндө студенттерди маалымдоо иштерин факультеттерде жана колледждерде жүргүзүү декандарга жана директорлорго милдеттендирилсин.
12. AVN системасында студенттер жөнүндө маалыматтардын толук, так болуусун жана өз убагында толтурулушун, жаңыланышын камсыздоо кадрлар бөлүмүнүн башчысы Г. Турдубаевага милдеттендирилсин.
13. Бул чечимдердин аткарылышын камсыздоо тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин. Жалпы көзөмөлдөө студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор Ж.А. Артыковага жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин**
**төрагасы, профессор**

**К.Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы, доцент** **Дж.Ж. Асанбекова**